ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын
**№3 ПРОТОКОЛУ**

*22-декабрь, 2023-жыл.*
*Төрага:* Т.М. Жолдошов
*Окумуштуу катчы:* А.А. Абдилазизова
*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 36 мүчөсүнөн 28 мүчөсү бар.
*Күн тартиби:*
1. ИСП кафедрасындагы окуу, усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттери (Баяндамачы: комиссиянын төрагасы, КМИГД кафедрасынын доценти А.З. Пирматов);
2. Магистратура программаларынын аткарылышынын абалы жана алдыдагы милдеттер (Баяндамачы: МИТ факультетинин магистратура бөлүмүнүн башчысы Бекмурза уулу Ы.);
3. 1-модулдун жыйынтыгы, катышуунун абалы жана электрондук журналдын толтурулушу (Баяндамачы: декандын м.а., доцент Т.М. Жолдошов);
4. Ар түрдүү маселелер.

УГУЛДУ: МИТ факультетинин деканынын м.а. Т.М. Жолдошов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча ар бир маселеге 7-15 минутага чейин жана ар түрдүү маселелер боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдоого алынды.

**1-маселе.**

УГУЛДУ: Биринчи маселе боюнча ИСП кафедрасындагы окуу, усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча комиссиянын төрагасы, КМИГД кафедрасынын доценти А.З. Пирматов билдирүү жасады. (https://www.canva.com/design/DAF3hZGvUxU/SmWXjagu8R8kaGJofSoKA/edit?utm_content=DAF3hZGvUxU&utm_campaign=designshare&utm_medium=link2&utm_source=sharebutton ).

ТАЛКУУ:
*А.Ж. Кудуев (АССТ кафедрасынын башчысынын м.а., доцент):* Ички рейтинг боюнча канча окутуучуга кошумча акы төлөнүп жатат?
*Жооп:* Ички рейтинг боюнча эстеткичке кошулбаган.

Комиссия математика жана информациялык технологиялар факультетинин ИСП кафедрасындагы окуу, усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча текшерип, төмөнкүдөй **ТОКТОМ** кылат:
1. Математика жана информациялык технологиялар факультетинин информациялык системалар жана программалоо кафедрасындагы окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүрүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттерин текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча комиссиянын бүтүмү канааттандырарлык деп табылсын;
2. Магистратура программасы үчүн мобилдүүлүк боюнча иштер жандандырылсын;
3. ОшМУнун сайтындагы кафедранын баракчасы толуктaлсын, бардык маалыматтар төрт тилде (кыргыз, орус, англис, турк) жарыялансын;
4. Жогорудагы айтылгандардын аткарылышы кафедра башчысы А.М.Токторбаевге жүктөлсүн.

**2-маселе.**

УГУЛДУ: магистратура программаларынын аткарылышынын абалы жана алдыдагы милдеттер боюнча МИТ факультетинин магистратура бөлүмүнүн башчысы Бекмурза уулу Ыбадылла билдирүү жасады (билдирүү тиркелет).

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* Онлайн сабактарды өзүм көзөмөлгө алып турамын, деканат тарабынан факультеттен сырттагы кафедралардан келген окутуучулардын сабактары көзөмөлдөнүп жатабы?
*Жооп:* кафедра башчыларга билдирүү берип, көзөмөлдү күчөтөбүз.
*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* биздин магистратура программасында сапаттык көрсөткүч 41%, төмөн көрсөтүлүп турат.
*Жооп:* жалаң илимий даражасы бар окутуучулар боюнча алынган көрсөткүч ошондой болот экен.
*Г.С. Ободоева (КИИК кафедрасынын доценти):* Азыркы көрсөтүлгөн сапаттык көрсөткүч лицензия алгандагы талаптагыдай болушу керек эмеспи?
*Жооп:* Бул азыркы күндөгү сапаттык көрсөткүч.
*Б. Көчкөнбаева (ИСП кафедрасынын доценти):* Аккредитация мезгилинде практиканттар үчүн илимий изилдөө жайлары, келишимдер боюнча сунуштар берилген. Ошол сунуш ишке ашып жатабы?
*Жооп:* Илим изилдөө жайларын ачууга сунуштар берилген.
Окумуштуулар кенеши төмөнкүдөй **ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин 2023-2024-окуу жылынын магистратура бөлүмү боюнча баяндамачы окуутуучу Ы.Бекмурза уулунун отчету канаатандыраарлык деп табылсын;
2. Ар бир кафедра жана тиешелүү структура өзүнүн программасы боюнча иш аракеттерди аткаруу жана көзөмөлгө алуу колго алынсын;
3. SWOT анализде белгиленген кемчиликтерди жоюу үстүндө иш план түзүп, аткарууга киришсин;
4. Магистранттардын илимий-изилдөө иштери боюнча ар бир кафедра, программа жетекчилери иш пландарын кайра карап түзүшсүн;
5. Магистранттардын жана программа жетекчилери менен байланыштар, иш аракеттери сайттарга жайгаштырылсын;
6. Аралыктан окутуунун формаларына педагогикалык адистиктерден сыркары адистиктер MOODLE платформасын колдонушсун;
7. Жогоруда айтылгандарды аткаруу тиешелүү кафедра башчыларына жана программа жетекчилерине, ал эми жалпы көзөмөлдөө МИТ факультетинин магистратура бөлүмүнүн башчысы Ы.Бекмурза уулуна жүктөлсүн.

**3-маселе.**
УГУЛДУ: 1-модулдун жыйынтыгы, катышуунун абалы жана электрондук журналдын толтурулушу боюнча декандын м.а., доцент Т.М. Жолдошов билдирүү жасады (билдирүү тиркелет).
ТАЛКУУ:
*А.Ж. Кудуев (АССТ кафедрасынын башчысынын м.а., доцент):* 4-курста 25 студент 1-модулду тапшыра албай калган, аларга жайкы семестр жок, кандай тапшыра алышат ?
*Жооп:* Январь айында F ведомость ачылат, ошондо тапшырууга уруксат берилет.
*Д.А. Кедейбаева (Жогорку математика кафедрасынын башчысы, доцент)*:
Бириктирилген предметтер боюнча электрондук журнал кантип толтурулат?
*Жооп:* АВН системасында иштелип жатат, кайра толтуруу зарылчылыгы болбойт.

Окумуштуулар кенеши төмөнкүдөй **ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин күндүзгү окуу бөлүмүнүн 2023-2024-окуу жылындагы күзгү семестринин 1-модулу боюнча баяндамачы, доцент Т.М. Жолдошовдун отчету эске алынсын;
2. Ар бир кафедра жана тиешелүү структура өзүнүн профили боюнча иш аракеттерди аткаруу жана көзөмөлгө алуу колго алынсын;

3. Студенттик тайпа жана кураторлордун тыгыз байланыш иш аракеттери колго алынсын;
4. 4-курстардын сабакка катышуусу боюнча иш чаралардын тизмеги улансын жана кураторлору көзөмөлгө алсын;
5. Электрондук журналдарды толтуруу жагы эске алынсын;
6. Жогоруда айтылгандарды аткаруу тиешелүү кафедра башчыларына жана структура жетекчилерине, ал эми жалпы көзөмөлдөө МИТ факультетинин деканынын м.а., доцент Т. Жолдошовго жүктөлсүн.

**4. Ар түрдүү маселелер.**

а) ИСП кафедрасынын доцент Аркабаев Нуркасым Кылычбековичти "Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу" адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына сунуштоо.

**УГУЛДУ:**

*Т.М. Жолдошов (факультеттин деканынын м.а., доцент)*: Аркабаев Нуркасым Кылычбекович – МИТ факультетинин информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты (2018 – ж). 2001-2002-жж. Ош мамлекеттик университетинде программист, 2002-2006-жж. окутуучу, 2006-2018-жж. ага окутуучу, 2018-2023-жж. доцент ж.б. кафедра башчысы, декан, бөлүм башчы кызмат орундарында иштеп келе жатат.

Кафедранын, факультеттин жана университеттин IT технология боюнча иш чараларына активдүү катышып келет. Көптөгөн долбоорлор менен иштеп, даярдаган продукциялары ОшМУда ж.б. мекеме-ишканаларда ийгиликтүү колдонулуп келүүдө.

3 китептин, 6 усулдук колдонмо жана 25 тен ашуун илимий эмгектин автору. Билим берүүдөгү жана коомдук иштердеги активдүүлүгүн эске алып, Н.К. Аркабаевди "Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу" адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына көрсөтүүнү сунуштайм жана колдоп берүүгө чакырып кетем.

*У.А. Сактанов (ИСП кафедрасынын доценти*: Н.К. Аркабаев көп жылдык педагогикалык иш-тажрыйбасында ар бир сабагына заманбап информациялык технологияларды колдонуп, чыгармачылык менен өтөт. Университеттик деңгээлдеги иш-чараларга активдүү катышат. Сунушту колдоймун.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй чечим кабыл алышты.

ТОКТОМ:

1. Н.К. Аркабаев "Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу" адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамына сунушталсын;

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

б) КМИГД кафедрасынын доценттери тех.и.к. Т.М. Жолдошов жана тех.и.к. Е.И. Шестаковдор тарабынан даярдалган "Разработка игр на платформе Unity3D" окуу усулдук колдонмосун басмага сунуштоо.

УГУЛДУ:

*Б.А. Азимов (КМИГД кафедрасынын башчысы, доцент)*: Окуу усулдук колдонмо мыкты деңгээлде даярдалган. Окутуучуларга колдонууну сунуштаймын. Усулдук колдонмо студенттердин өз алдынча жумуш аткарууга, өздөрүнүн билимин өркүндөтүүгө, профессионалдык деңгээлдеги оюндарды түзүүсүнө жардам бере алат. Ошондой эле, факультеттин окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнөн басмага сунуш берүүнү колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*Д. И. Зулпукарова (КМИГД кафедрасынын доцент)*: Бул окуу усулдук колдонмосунда теориялык да, практикалык да материалдар камтылган. Студенттер үчүн

дагы кесиптештерибиз үчүн дагы мыкты колдонмо болот. Басмадан чыгаруу сунушуна кошуламын.

*Т.М. Жолдошов (факультеттин деканынын м.а., доцент):* КМИГД кафедрасынын доценттери тех.и.к. Т.М. Жолдошов жана тех.и.к. Е.И. Шестаковдор тарабынан даярдалган "Разработка игр на платформе Unity3D" окуу усулдук колдонмосун басмага сунуштаймын жана колго салам.

Окумуштуулар кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

ТОКТОМ

1. КМИГД кафедрасынын доценттери тех.и.к. Т.М. Жолдошов жана тех.и.к. Е.И. Шестаковдор тарабынан даярдалган "Разработка игр на платформе Unity3D" окуу усулдук колдонмосун басмага сунушталсын.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

в) МИОТ жана ББМ кафедрасынын доценти А.Дж. Аттокуровага 2024-жылдын 1-февралынан 1-июнуна чейин 4 айлык чыгармачылык өргүү берүү сунушу келип түштү.
УГУЛДУ: Т.М. Жолдошов (факультеттин деканы, доцент): А.Дж. Атокурова 26 жылдан ашуун мезгилден бери ушул факультетте ийгиликтүү эмгенктенип келүүдө. Окутуучу, улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы (16 жыл) кызматтарында иштеп келүүдө. А.Дж. Аттокурова студенттерге жогорку илимий усулдук деңгээлде, дасыккан педагогикалык чеберчилик менен окуу тарбия иштерин жүргүзүп келет.

Жалпы илимий эмгектернин саны 50дөн ашуун, анын ичинде 1 макала Scopus базасында жарыкка чыккан. 10 окуу-усулдук колдонмолордун автору.

А.Дж. Аттокуровага коомдук, тарбия иштериндеги активдүүлүгүн, илимий-педагогикалык үзүрлүү эмгегин эске алуу менен, чыгармачылык өргүү (айлык акысын сактоо менен) берүү жагын ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен колдоп берүүсүн жана Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө бул сунушту колдоону сунуштаймын.

Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ кылат:

1. МИОТ жана ББМ кафедрасынын доценти А.Дж. Аттокуровага 2024-жылдын 1-февралынан 1-июнуна чейин 4 айлык чыгармачылык өргүү (айлык акысын сактоо менен) берүү сунушталсын;
2. Бул сунушту колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин
төрагасы Т.М. Жолдошов
Окумуштуу катчы А.А. Абдилазизова